Тилиң ар дайым Аллахты зикир кылуу менен нымдалып турсун

Абдуллах бин Буср (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Бир киши келип: Оо, Аллахтын элчиси, мага Ислам шариятындагы (напил) амалдарды аткаруу көптүк кылып жатат. Мен дайыма аткарып жүрө турган (жеңил) ибадатты айтчы - деди. Аллахтын элчиси ага мындай деди: "Тилиң ар дайым Аллахты зикир кылуу менен нымдалып турсун".

[Сахих (ишенимдүү)] [Ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

Бир киши Аллахтын элчисине келип, напил ибадаттарды аткарууга алсыздык кылып жатканын айтып даттанат. Анан Аллахтын элчисинен ага аткарууга жеңил, сообу көп бир ибадатты үйрөтүүсүн суранат. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бардык убакта жана абалда Аллахка тасбих айтып, мактоо айтып, кечирим тилеп, дуба кылып тили кыймылдап, нымдалып туруусун айтып жол көрсөтөт.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/4716

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee